**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**6-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Такси кызматынын акысын эсептеп бере турган туюнтмаларды көрсөткүлө.

**Бир нече туура жоопту тандагыла:**

А) 90·1,2+10·25
Б) 90+20+10·25
В) 90·20+10·25
Г) 90+90·0,2+10·25

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук аймагы: сан
- Баалоонун компетенттүү аймагы: туюндуруу
- Контекст: коомдук
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: бир нече туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: таблица түрүндөгү маалыматтар менен иштөө, рационалдык сандар менен болгон амалдарды аткаруу
- Максималдуу балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Такси**




Биздин шашып калган учурларыбыз көп эле кездешет. Ошондо бизге такси кызматы жардамга келет. Ал таксилерге түшүп алып, окууга, жумушка, жолугушууга кечикпей, убактысында барып калабыз.

**Жол тыгындын жогорку чеги**

**Жол тыгындын жогорку чеги** – бул такси кызматына буюртма (заказдардын) көп түшкөн учуру. Бул убакта, такси кызматынын баалары 10-20% га көтөрүлүп кетет.

| | |
|---|---|
| Эртең менен | 8:30 - 8:45 |
| Кечинде | 18:00 - 18:50 |

Атасы жумушка шашып жатып 8:30 “Удача” такси чакырды. Үйдөн жумушка чейинки аралык 10 км.

Такси кызматынын баалары төмөндө көрсөтүлгөн.

| | **Таксиге отуруу акысы, сом** | **Чак түш** | **1 км жол үчүн акы, сом** |
|---|---|---|---|
| **Такси «Удача»** | 90 | Таксиге отуруу акысы 20% га көтөрүлөт | 25 |

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | А) 90·1,2+10·25 жана<br>Г) 90+90·0,2+10·25 |
| 1 | А) 90·1,2+10·25 же<br>Г) 90+90·0,2+10·25 |
| 0 | Башка жооптор же жооп такыр жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Төмөнкү таблицада таксилердин рейтинги боюнча бир нече ырастоолор берилген.

**Ырастоолор «Туура» же «Туура эмес» экендигин аныктап, белгилегиле.**

| Ырастоолор | Туура | Туура эмес |
|---|---|---|
| 1. Такси рейтингинде мода - 3,8 ге барабар | | |
| 2. Рейтингдин арышы - 0,1 | | |
| 3. Рейтингге “Удача” жана “Яндекс” таксилери эле катышты | | |
| 4. Эң мыкты таксилердин рейтинги – 3,8 ден кем эмес | | |
| 5. Эң мыкты төрт таксинин орточо рейтинги - 4,25 | | |

## Такси




Биздин борбордо бир жерден экинчи жерге жетүү үчүн такси кызматы чон суроо-талапка ээ. Barometr.kg эң мыкты деген таксилерге рейтинг жүргүзүп көрдү. Рейтингдин негизги критерийлери машинаны буюртма (заказ) кылган жерге келген убактысы, тазалыгы, ичндеги ыңгайлуулугу жана айдоочуларынын Бишкек шаарын жана анын аймактарын жакшы билүүсү камтылды. Ошондой эле жеткиликтүү тарифи да каралды.




**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук аймагы: белгисиздик жана маалыматтар
- Баалоонун компетенттүү аймагы: чечмелөө
- Контекст: коомдук
- Деңгээли: төмөнкү
- Жооптун форматы: бир нече туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: диаграмманы окуу, маалыматтар менен иштөө
- Максималдуу балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | 1) Туура<br>2) Туура эмес<br>3) Туура эмес<br>4) Туура<br>5) Туура эмес |
| 1 | Каалаган 4 жооп туура белгиленсе, бирөөсү туура эмес же жок болсо |
| 0 | Башка жооп же жооп жок болсо |